КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин I -чакырылышынын III-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 14-февралы №10 Барскоон айылы

**"Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн эсебиндеги эркин калдык жөнүндө"**

Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы М.Байтерековдун айыл өкмөтүнүн эсебиндеги жыл аягына эркин калдык жөнүндөгү билдирүүсүн угуп, талкуулап эл депутаттарынын Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Жергиликтүү бюджетиндеги 2025-жылдын 1-январына эркин калдык 6 617,2 миң сом өлчөмүндө жүргүзүлсүн.
2. Жергиликтүү бюджеттен 2025-жылдын 1-январына 2307,1 миң сом "Жайыт" жана 4310,1 миң сом "Комуналдык турак жай чарбасында" анын ичинен төмөндөгүлөргө жумшалсын:
   1) Тамга айылындагы муниципалдык имаратты (музыкалык мектеп) ондоого – 253,4 миң сом
   2) Тамга айылына мал дарылоочу Күпкө куруугa – 1 450,0 миң сом
   3) Тамга айылындагы конференц-залга курулуш иштерине – 1 000,0 миң сом.
   4) Тамга айылына мал дарылоочу Күпкө курууга кошумча 500,0 миң сом чыгымдалсын.
   5) Тамга айылындагы Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондордун элесине арналып курулган эстеликти оңдоп түзөө жумуштарына – 300,0 миң сом.
   6) Айыл өкмөтүнүн техникаларын сатуудан түшкөн – 791,0 миң сом акча каражаты, «Барскоон Сервис» муниципалдык ишканасына – айыл чарба техника алууга чыгымдалсын.
   7) Башка чыгымдарга – 15,7 миң сом
3. Каралган акча каражаттарын бекитип берүү жагы Жети-Өгүз райондук финансы башкармалыгынан суралсын.
4. Токтом айыл аймактын веб-сайтына жарыялансын.

5. Токтомду веб-сайтка жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылар реестрине каттоо кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага милдеттендирилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин каржы-экономикалык, бюджет жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жана аткаруу жагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска